“БЕКИТЕМИН”
ОшМУнун ректору,
профессор
_______________
Кожобеков К.Г.
«__» ______ 2025-ж.

“МАКУЛДАШЫЛДЫ”
ОшМУнун студенттик
коомчулук менен иштөө
боюнча проректору,
_______________
Мапаева Н.А.
«27» октябрь 2025-ж.

“МАКУЛДАШЫЛДЫ”
ОшМУнун спорттук клубунун
төрагасы
_______________
Казибеков А.К.
«23» октябрь 2025-ж.

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН КОЛЛЕДЖДЕР АРАЛЫК СТУДЕНТТЕРДИН СПАРТАКИАДАСЫ

# РЕГЛАМЕНТ

## ЖОБО

***Ушул жобо Ош мамлекеттик университетинин колледждер аралык студенттердин спартакиадасынын эрежелерин аныктайт.***

### 1. МЕЛДЕШТИН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТИ

Спартакиада дене тарбия жана спортту даңазалоого чакырып, ОшМУда билим алып жаткан студенттердин ден - соолугун чыңдоого жана үзгүлтүксүз спорт менен машыгууга үйрөтүүнү максат кылат.

*Спартакиаданын негизги милдеттери:*

1. студенттердин ортосундагы достук мамилелерди жана ынтымакты бекемдөө;
2. студенттердин арасынан ОшМУнун курама командаларына мыкты спорт ышкыбоздорун тандап алуу;
3. спорт түрлөрүнөн жеңүүчүлөрдү, мыкты спортчуларды жана эң мыкты спорттук команданы аныктоо жана сыйлоо.

### 2. МЕЛДЕШТИ УЮШТУРУУЧУЛАР ЖАНА ӨТКӨРҮҮЧҮЛӨР

Мелдештерди уюштуруу жана жетектөө ОшМУнун спорттук клубу тарабынан жүргүзүлөт. Мелдештерди өткөрүү ОшМУнун спорттук клубу тарабынан бекитилген ТТДТТжАТ институтунда эмгектенип жаткан дене тарбия окутуучулары жана машыктыруучулардан, сыртан чакырылган адистерден түзүлгөн жалпы калыстар тобуна жүктөлөт.

### 3. МЕЛДЕШТИ ӨТКӨРҮҮНҮН МӨӨНӨТҮ ЖАНА ОРДУ

1. Мелдеш 2025 -жылдын 3-11 - ноябрь күндөрү өткөрүлөт.
2. Мелдештин ачылышы: 2025-жылдын 3- ноябрь күнү саат 10:00дө ТТДТТжАТ институтунун дене тарбия бөлүмүнүн спорт аянтчасында болот.
3. Мелдештин жыйынтыгы, жеңүүчүлөрдү сыйлоо аземи 11- ноябрь күнү саат 14:00 дө ОшМУнун ТТДТТжАТ институтунун дене тарбия бөлүмүнүн спорт аянтчасында (Масалиева 91А) өткөрүлөт.
4. Спорт түрлөрү боюнча мелдештердин убактысы жана өтүлүүчү жайы жадыбалда көрсөтүлөт.

### 4. МЕЛДЕШТИН ФОРМАТЫ ЖАНА КАТЫШУУЧУЛАРЫ

Спартакиадага ОшМУнун колледждеринде күндүзгү бөлүмүндө билим алып жаткан студенттер катыша алат.

Спорттун түрлөрү боюнча мелдештердин системасы катышуучу командалардын санына карата өткөрүлөт (жалпы катышуучу командалар бир тайпада айланпа системасында же тайпалык оюндар менен).

***Катышуучулар:***

1. студент өзүнүн окуган колледжинин командасына гана катышат;
2. мандаттык комиссияга студент паспорту жана студенттигин тастыктаган электрондук студенттик карточкасы менен өтүүсү милдеттендирилет;
3. мелдештердин жүрүшүндө калыстарга команданын өкүлү катары жоопту окутуучу гана кайрыла алат;
4. мелдеш учурунда тартип бузган студенттерге ар бир команданын жетекчилиги жоопту болуп эсептелет.

***Жогорудагы пункттарды бузган учурда команданы ошол спорттун түрүнөн четтетүү же башка жаза колдонуу түрүн калыстар тобу аныктайт.***

***<u>Наразычылык (протест) жазуу</u>***

Мелдештердин жүрүшүндө команда экинчи атаандаш командага карата доо арызы болсо кат жүзүндө гана калыстар тобуна кайрылат. Наразычык катты команданын өкүлү калыстар тобуна оюн бүткөндөн кийин 30 минутанын аралыгында тапшыруусу зарыл. Наразычылык катты команда 500 сом өлчөмдө төлөм төлөө менен калыстар тобуна тапшырат. Эгерде наразычылык кат канааттандырылса төлөм суммасы командага кайтарылат, канааттандырылбай калган учурда (коюлган дооматтар аныкталбаса) төлөм мелдештин фондуна которулат.

**5. ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ АНЫКТОО ЖАНА СЫЙЛОО**

5.1. Спартакиадада жалпы командалык жыйынтыкта спорттун 8 түрлөрү боюнча эң көп упай топтогон команда жеңүүчү болуп табылат. Упайлар тең чыгып калган учурда спорт түрлөрүнөн жогорку орундары (1,2,3 - орундары) саналат.

Спорттун түрлөрү боюнча 1-орунду ээлеген команда 22 упайга, 2-орунду ээлеген команда 20 упайга, 3-орунду ээлеген команда 18 упайга ээ болот да, андан кийинки орундарды ээлеген командаларга 17,16,15...деген тартипте упайлар ыйгарылып жалпы командалык жыйынтык чыгарылат.

***Сыйлоо:***

Спорттун түрлөрү боюнча жеңүүчү командалар жана спортчулар ОшМУ тарабынан тиешелүү 1-2-3-даражадагы дипломдор жана баалуу белектер менен сыйланат.

Жалпы командалык эсепте 1-орунду ээлеген команда ОшМУнун спартакиадасынын жеңүүчүсү кубогуна ээ болот.

6. **БИЛДИРМЕ** *(заявка)* жазуу үлгүсү

1. Командалардын өтүнүчү спорт түрлөрү боюнча ага калыстарга оюндар башталганга чейин бир саат алдың тапшырылат.
2. Ош мамлекеттик университетинин колледждер аралык студенттердин спартакиадасы. Спорттун _______ түрү боюнча катышуу үчүн _______________ колледжинин курама командасынан

**БИЛДИРМЕ**

| № | Ф.И.О | туулган жылы | адистиги | тайпасы | врачтын визасы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |

Колледждин директору: ______________________________

Жооптуу окутуучу: ______________________________

Врач: ______________________________

***Эскертүү:***

- ***Ар бир колледждин мелдешке катышуучу командалары катар номери жазылган бирдей түстүү спорттук формада катышуусу милдеттүү.***

## 7. СПАРТАКИАДАНЫ КАРЖЫЛОО

Мелдешти уюштуруу жана өткөрүүдө дипломдорду даярдоо, спорт түрлөрү боюнча жеңүүчүлөргө тапшырылуучу баалуу белектер жалпы командалык байге фонду ОшМУ тарабынан каржыланат.

## СПОРТТУН ТҮРЛӨРҮ БОЮНЧА МЕЛДЕШТЕРДИ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ

### ➢ ВОЛЕЙБОЛ

Ар бир оюн 3 партия биринчи эки партия 25 эсеп менен 3-партия 15 эсеби менен жыйынтыкталат;

- Тайпалык оюндарда упайлар төмөнкүдөй тартипте берилет жана анын жыйынтыктары жалпы командалык орундарды аныктайт: уткан командага 2 упай, утулган команда - 1 упай, оюндан баш тарткан командага 0 упай берилет.
- Командалардагы упайлар тең чыккан учурда баардык беттештердеги партиялар эсептелинет;
- Командалардагы партиялар тең чыккан учурда топтордун айырмасы каралат.
- ***Оюндар айлампа системасы менен өткөрүлөт. Жеңүүчүлөр оюндардагы упайлар эсеби менен аныкталат. Финалдык оюндар өткөрүлбөйт.***
- Мелдеш КРнын волейбол федерациясында колдонулган эрежелери менен өткөрүлөт.

### ➢ ЖЕҢИЛ АТЛЕТИКА

Программада кыздар: 100м, 1000м.

Балдар: 100м, 1000м.

1-орунга 22 упай, 2- орунга 20 упай, 3-орунга 18 – упай андан соң бирден упай кемитилген тартипте эсептелинет. Ар бир дистанцияга командадан 4 катышуучу катыша алат (жалпы 16).

Команданын ичинен эң жогорку көрсөткүчкө ээ болгон эки студенттин упайы каралат. Командалардын топтогон упайларына жараша жалпы командалык байгелүү орундар аныкталат. Командалык жалпы жыйынтык чыгарууда кыздар жана балдардын упайлары командалык бир эсепти берет. Ошондой эле ар бир дистанциядан жеке жеңүүчүлөр сыйланат.

### ➢ БАСКЕТБОЛ

Командалардын курамы 10 оюнчудан болуп, оюн талаасына 5 оюнчу чыгат.

Оюндун мөөнөтү 2 таймдан 10 минута жана акыркы 1 минута таза оюн убактысы берилет. Оюндар тең чыгуу менен аяктаса кошумча 5 минута берилет. Оюндун жүрүшүндө алмашуулар чектелбейт, жеңүүчү командага 2(эки) упай, утулууга 1(бир) упай, оюнга чыкпаган командага упай берилбейт. Командалардын тайпадагы орундары топтогон упайлары менен аныкталат. Эгерде командаларда топтогон упайлар бирдей болуп чыкса, анда:

- эки команданын беттеши;
- жеңиштердин саны;
- бардык беттештердеги топтордун айырмасы каралат.

***Оюндар айлампа системасы менен өткөрүлөт. Жеңүүчүлөр оюндардагы упайлар эсеби менен аныкталат. Финалдык оюндар өткөрүлбөйт.***

Оюндар убакыттарды эске албаганда жалпы Баскетбол ассоцациясы бекиткен эрежелерге таянат.

Мелдеш КРнын баскетбол федерациясы колдонуп жүргөн эрежелери менен өткөрүлөт.

## ➢ КИЧИ ФУТБОЛ

Команданын курамы 10 оюнчудан жана 1 машыктыруучудан турат.

Оюндар футзал 2008 - жылдагы эрежелери менен өткөрүлөт.

Оюнга дарбазачы менен 4 оюнчу чыгат. Оюндун мөөнөтү 7 минутадан эки тайм. Оюндун жүрүшүндө алмашуулар чектелбейт, жеңүүчү командага 3 упай, тең чыгуулар 1 упай жана утулууга упай берилбейт. Командалардын тайпадагы орундары топтогон упайлары менен аныкталат. Эгерде тайпалык оюндарда командаларда топтогон упайлар бирдей болуп чыкса анда:

- эки команданын жеке беттеши;
- бардык беттештердеги киргизилген жана өткөрүлгөн (забитых и пропущенных) топтордун айырмасы;
- бардык беттештердеги киргизилген (забитых) топтордун айырмасы;
- эскертүү жана айып кагаздарынын саны (кызыл кагаз 3 упай, сары кагаз 1 упай) менен аныкталат.

Оюндарда эки сары айып кагазын алган оюнчу кийинки бир оюндан четтетилсе, оюнда кызыл айып кагазын алган оюнчу оюндан четтетилип кийинки бир оюнга да катыша албайт.

***Оюндар айлампа системасы менен өткөрүлөт. Жеңүүчүлөр оюндардагы упайлар эсеби менен аныкталат. Финалдык оюндар өткөрүлбөйт.***

## ➢ ШАХМАТ

Шахмат оюндары ФИДенин эрежелери менен швейцариялык тутум (система) аркылуу ойнотулат.

Орундар айлампадагы жыйналган упайлар менен аныкталат. Эгерде бирдей упайларга ээ болуп калган учур катталса, швейцариялык тутум (система) коэфицент аркылуу автоматтык түрдө орундарды аныктайт.

Командалардын курамында бир бала, бир кыз ойнойт жана аларга билдирмеге запастагы оюнчуну кошууга уруксат берилет.

## ➢ ТОГУЗ КОРГООЛ

Катышуучулар тогуз коргоол кодексине ылайык бирдей формада болуусу зарыл.
Мелдеш тогуз коргоол кодексине ылайык швецариялык тутум менен өткөрүлөтю
Таймаштын жеңүүчүлөрүн аныктоо:

- ✓ упайлардын саны;
- ✓ бухгольц коэффициенти;
- ✓ прогресс коэффициенти;
- ✓ жеке беттешүү.

Бир командада экиден оюнчу ойнойт.

## ➢ СТОЛ ТЕННИСИ

Ар бир командадан 2 эркек, 2 кыз оюнчу катышат, ар бир команданын беттешүүсү 5 партия менен жыйынтыкталат.

Эгерде 2 команданын оюнунун жыйынтыгы бирдей болуп калса 2ден шерик (парный) болуп оюнду жыйынтыктайт.

1. Уткан командага 2 упай утулган командага 1 упай оюнга келбей же катышпай койгон командага 0 деген упай берилет.

2. 1- ракетка жана 2- ракетка оюндун акырына чейин мелдешти алмашпай ойноп бүтүрүшөт. Эгерде эки команданын топтогон упайлар бирдей болуп чыкса, анда:

Эки команданын беттеши каралат;

Эгерде үч же андан ашуун командалардын топтогон упайлары бирдей болуп чыкса, анда кайсыл бир командага артыкчылык мелдештин эрежелери боюнча аныкталып берилет.

Командалардын өтүнүчүндө берилген ракеткалардын жайгашуусу (ростановка) мелдеш бүткөнгө чейин алмашууга болбойт. ***Оюнчулар өздөрүнүн ракеткалары менен ойношот.***

- **ОРДО**

Ар бир колледжден командасынан беш оюнчу оюнга катышат.

Оюн эки тайпага бөлүнүп өткөрүлөт.

Топтогон упайларына карата командалардын ээлеген орду аныкталат.

Таза жеңишке ээ болгон командага - 3 упай, жеңишке 2 упай, тең чыгууга - 1 упай, жеңилүүгө - упай берилбейт.

Ордодон көп чүкө чыгарган командага жеңиш ыйгарылат.

Командаларда тең чыгуу катталган учурда, атаандаштан көп "хан" чыгарган команда жеңүүчү болуп эсептелет.

Оюн ордо оюнунун эрежесин толук сактоо менен өткөрүлөт.

## Мелдештердин графиги:

| № | Спорттун түрү | Убактысы | Өтүлүү жайы | Калыстар |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Волейбол (кыздар) | 03.11.2025<br>04.10.2025 | ТТДТТжАТ институтунун спорт залдары<br>Дареги: Масалиева 91 А.<br>Башталышы саат – 10:00 | ***Башкы калыс*** - Ысмаилова Нурзат<br>***Мүчөлөрү*** – Молдоматов Абийбилла, Турдуматова Гулбара, Абдыкадыр кызы Айдана, Алимбекова Алтынай, Уранбек уулу Жоомарт, Болушов Нуртилек, Маматжан кызы Адина, Кадырова Махабат ***0502 419956*** |
| 2. | Стол тенниси | 04.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун спорт залы<br>(Юго - Восток) | ***Ага калыс*** - Тойчуев Шукурали<br>***мүчөлөрү*** - Зарылбек уулу Нурсултан, Тыныбеков Тажыбек. **0772 788841** |
| 3. | Ордо | 04.11.2025 | Медицина факультетинин ордо аянтчасы<br>Башталышы саат – 10:00 | ***Ага калыс***- Жолоев Дүйшө<br>***мүчөлөрү***- Абдраманов Өмурзак, Арыкбаев Мухтарбек ***0773 074261*** |
| 4. | Кичи - футбол | 05.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун футбол аянтчалары<br>(Келечек, ХБК) | ***Ага калыс*** – Сабиров Сулайман<br>***мүчөлөрү*** – Жумабаев Бектурсун, Мукталали уулу Улан, Абдималик уулу Максат, Нурлан уулу Эрлан.<br>**0778 030387 0779 737324** |
| 5. | Тогуз коргоол | 05.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун Дене тарбия бөлүмү<br>221 -аудитория. | ***Ага калыс*** - Мурзакаримова Гулнара<br>***мүчөлөрү*** - Рахманов Мирбек Окен уулу Шумкар, Токтомушев Акжол<br>**0778 02 26 44 0550 299726** |
| 6. | Волейбол (балдар) | 06.11.2025<br>07.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун спорт залдары<br>Дареги: Масалиева 91 А.<br>Башталышы саат – 10:00 | ***Ага калыс*** – Нышанов Жоомарт **0553 848282**<br>***мүчөлөрү*** – Ботобеков М., Капаров А., Таалайбек уулу Адылбек, Таалайбек уулу Ө., Калбаев А., Жумабаев Б., Орозмамат уулу И., Тиллапаров А. |
| 7. | Жеңил атлетика | 07.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун спорт аянтчасы<br>Дареги: Масалиева 91 А.<br>Башталышы саат – 10:00 | ***Ага калыс***- Казибеков Алмазбек<br>***мүчөлөрү*** – Темирбаева Адалат, Жээналиев Курманбек, Жолдошев Аскат, Жамшитбекова Алымкан. ***0551 444195 0778 077794*** |
| 8. | Шахмат | 10.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун Дене тарбия бөлүмү<br>221 -аудитория. | ***Ага калыс*** - Алдашкуров Ырысбек<br>***мүчөлөрү*** – Сатиев Таалай, ***0773 880276*** |
| 9. | Баскетбол (кыздар) | 10.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун спорт залы<br>(Юго - Восток) | ***Ага калыс***- Мазитов Руслан ***0500 522209***<br>***мүчөлөрү*** – Кенжебеков Дастан, Жолдошов Эрмат, Айтикеев Максат,<br>***Катчылар:*** Абдыкаарова Нурзада, Мамазаирова Айбийке. |
| 10. | Баскетбол (балдар) | 11.11.2025 | ТТДТТжАТ институтунун спорт залы<br>(Юго - Восток) | |

***Спартакиаданын башкы калысы:*** **Даминов Тимурлан**

***Спартакиаданын башкы катчысы:*** **Чолпонбаева Жумакан**

Байланыш телефону: 0708 949 378